*Я.Я.Ваккер атындагы жалпы билим берүү орто мектеби*

# *Социалдык педагогдун жылдык отчету*

## *2021/2022 окуу жылы үчүн*

**Соц.педагог: Калыбек кызы Наргиза**

**Социалдык педагогдун жылдык отчету**
**2021/2022 окуу жылы үчүн**

**Социалдык процесстеги негизги багыттар:**

- Баланы тарбиялоого жана окутууга байланыштуу көйгөйлөр менен үй-бүлөгө жардам берүү;
- Балдардын суроо-талаптарын, муктаждыктарын аныктоо жана тиешелүү мекемелердин жана уюмдардын адистерин тартуу менен конкреттүү окуучуларга жардам берүүчү чараларды иштеп чыгуу;
- Баланын окуу көрсөткүчүнө жана мектепке катышуусуна терс таасирин тийгизген себептерди жоюуга жардам берүү;
- Социалдык-педагогикалык иш-чараларды, акцияларды уюштурууга жана өткөрүүгө балдарды, ата-энелерди, коомчулукту тартуу;
- Баланын кызыкчылыктарын козгогон чыр-чатактарды, көйгөйлөрдү, турмуштук оор кырдаалдарды, өнүгүүнүн алгачкы этаптарында олуттуу кесепеттердин алдын алуу максатында таануу, аныктоо жана чечүү;
- Оор турмуштук кырдаалдарды чечүү, үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо, чыр-чатактар ж.б.у.с. балдарга жана алардын ата-энелерине жекече жана топтук кеңеш берүү;
- Психологиялык ден-соолугун жана социалдык жүрүм-турумдун алдын алуу жана оңдоо;
- Окуу процессин социалдык-педагогикалык жактан колдоо.

**Иштин максаты:** Мектеп окуучуларынын толук инсан болуп өнүгүп,өсүүлөрүнө, коомдо позитивдүүлүккө, келечектеги жашоосунда бир кесиптин ээси болушуна жана ар кандай оор шартка кабылган үй-бүлөлөргө , коомубузга шарттарды түзүү.

**Негизги маселелер:**

- Мектеп окуучуларына, ата-энелерине жана ошондой эле "тобокел тобунда" каттоодо турган балдарга аңгемелешүү жүргүзүп,байланышып туруу; окуусунда, өсүп-өнүгүүсүндө көйгөйлөрү бар жана коомдо кооптуу жагдайларга дуушар болгон балдарга өз убагында, комплекстүү, социалдык-педагогикалык, психологиялык жана укуктук жардамдарды уюштуруу.
- Жашоо шарты оор үй-бүлөлөргө, коомдук жетимчиликке дуушар болгондорго, жаш өспүрүмдөргө болгон зордук-зомбулукка, коомго каршы, кайдыгер жүрүм-турумдагы балдарга жана укук бузган окуучуларга эскертүү жүргүзүү. Ошондой эле сергек жашоого үндөө.

- Бардык билим берүү процессинин катышуучуларынын, ата-энелердин педагогикалык билимин жана укуктук маданиятын жогорулатуу
- “Социалдык коркунучта турган” үй бүлөлөр менен шериктештикте болуу жана ”тобокел тобунда” турган балдардын укугун коргоо.
- “Ден соолук жана билим берүү” программасын ишке ашыруу.

**Социалдык блоктон маалымат жайгаштыруу үчүн ОО веб-сайтын колдонуу:**

Мектептин социалдык иштери боюнча маалыматтары Instagram**,** WhatsApp, Ваккера.мектеп.кд сайтына байма –бай жайгаштырылып, окуучулар, ата-энелер мектеп турмушунан кабардар болуп турат.

**2021/2022 окуу жылындагы класс жетекчилеринин УБнин иши:**

1. Класс жетекчилердин УБ нин окуу жылындагы темасы: « Баланы жана анын үй бүлөсүн күнүмдүк
   жашоо-турмушка кайра тартуу, өзүнө жардам берүү көндүмдөрүн калыптандыруу, бала жана үй бүлөнүн турмуштук кыйынчылыктарды жеңип өтүү ресурстарын жигердентүү!”
2. Иштин максаты:
   Мектеп окуучуларынын толук инсан болуп өнүгүп,өсүүлөрүнө, коомдо позитивдүүлүккө, келечектеги жашоосунда бир кесиптин ээси болушуна жана ар кандай оор шартка кабылган үй-бүлөлөргө , коомубузга шарттарды түзүү.
3. Маселелер:
   - Социалдык педагог класс жетекчилер менен биргеликте класстардын социологиялык карталарын түзүп, анда класска канча категориядагы балдар киргендиги көрсөтүү.
   - Ушул карталардын негизинде мектептин социологиялык картасын түзүү.
   - Бир нече жылдык иштин жүрүшүндө “социалдык тобокелдик тобунун” үй-бүлөлөрүнүн өсүү динамикасын байкоо жүргүзүү.
   - Биринчи жылы иштеп жаткан класс жетекчилерге социалдык педагог тарабынан класс менен таанышууга жардам берүү.
4. Иштин негизги багыттары:
   Мектептен чыгып калуу тобокелчилигиндеги балдар менен алдын алуучу иштерди жүргүзүү, оор турмуштук кырдаалда калган балдарды өз учурунда аныктоо жана аларга психологиялык-медициналык-педагогикалык, укуктук жардам көрсөтүүлөрдү уюштуруу.

5. Иштин негизги формалары:
   -Кырдаалды ачуу жана ресурстарды изилдөө.
   -Кырдаал боюнча ишмердүүлүктү пландаштыруу.
   -Ишке ашыруу, мониторинг жүргүзүү.
   -Социалдык педагогикалык коштоонун натыйжаларын баалоо жана чечим чыгаруу
6. УБ чогулуштарынын саны: 5
7. Класс жетекчилердин УБнин чогулуштарынын темалары:
   1-чогулуш, август - 2021-2022-окуу жылы үчүн класс жетекчилердин иш тутумун уюштуруу
   2-чогулуш, октябрь - Класс жетекчиси менен окуучулардын жана алардын ата-энелеринин салттуу эмес кызматташуусу
   3-чогулуш, декабрь - Балдарды колдоо педагогикасы: окуучулардын девианттык жүрүм-турумун алдын алуу үчүн мектептин, үй-бүлөнүн жана коомдун өз ара аракети. Окуу-профилактикалык ишти өркүндөтүү.
   4-чогулуш, февраль- Патриоттук тарбия окуучуларда жарандык аң-сезимди калыптандыруу үчүн мектептин тутумдуу жана максаттуу иш-аракети катары.
   5-чогулуш, май – 2021-2022-окуу жылынын УБ ишинин жыйынтыгы

**8. Социалдык педагог тарабынан класс жетекчилердин ишин көзөмөлдөө:**

Документтерди талдоо: окуучунун социалдык паспорту, кл.журнал / ЖКБС, үй-бүлөнүн жашоо-шартын пландык изилдөө актысын көзөмөлдөйт. Баарлашууга көзөмөл жүргүзүү: окуучу, кл.жетекчи, ата-эне.

**Класстан тышкаркы иштердин түрлөрү:**

1. Мектепте 10 кружок иш алып барды.

“Волейбол” (Кармышев Дж.Дж.)
“Баскетбол”( Адамалыев Н.А.)
“Футбол” (Абдраев У.Дж.)
“Футбол” (Кадыров Б.К.)
“Жеңил атлетика”(Суранчиева А.И.)
“Таэквон-до” (Пак Н.Н.)
“Вокал” (Пащенко Л.В.)
“Хор”(Николенко Т.Я.)
“Ораторduk чеберчилик”
“Театралдык искусство”

2.спорттук секциялар

“Волейбол” (Кармышев Дж.Дж.)
“Баскетбол”( Адамалыев Н.А.)

“Футбол” (Абдраев У.Дж.)
“Футбол” (Кадыров Б.К.)
“Жеңил атлетика”(Суранчиева А.И.)
“Таэквон-до” (Пак Н.Н.)
Мектепте төмөнку кружоктөр өзүнүн ишин алып барып жатат.
**“**Волейбол” (Кармышев Дж.Дж.) – 15 окуучу
“Баскетбол”( Адамалыев Н.А.) – 11 окуучу
“Футбол” (Абдраев У.Дж.) – 10 окуучу
“Футбол” (Кадыров Б.К.) – 10 окуучу
“Жеңил атлетика”(Суранчиева А.И.) – 9 окуучу
“Таэквон-до” (Пак Н.Н.) – 15 окуучу
“Вокал” (Пащенко Л.В.) – 29 окуучу
“Хор”(Николенко Т.Я.) – 20 окуучу
“Оратордук чеберчилик” – 31 окуучу
“Театралдык искусство” – 30 окуучу

Республикалык Таэквон-до боюнча турнирде 1-орун (Уланбек кызы Айсулуу)
-Республикалык Таэквон-до боюнча турнирде 2-орун (Таштанбекова Бермет)
-Ибрагимов Салих Футбол б-ча областтык турнирде 1-орун
- Республикалык Таэквон-до боюнча турнирде 2-орун (Уланбек кызы Айсулуу)
-Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүнө карата “Жаштар адам сатууга каршы” лозунгу менен өткөрүлгөн жеңил атлетика боюнча областтык турнирде 2-орун, 3-орун (Токтосунов Арафат)

**Ийримдерге жана секцияларга катышуу:**
- кружоктордо жана секцияларда катышкандардын жалпы саны- 180 окуучу
- окуучулардын спорттук секцияларга катышуусу: мектептик – 70 окуучу
- окуучулардын ийримдерге катышуусу- 110 окуучу

**Окуу жылында китепкананын коомдук процесстерге катышуусу:**
2020-2021-окуу жылында мектеп китепканасынын негизги максаты - окуучулардын жеке жоопкерчилик, билгичтик, өз жөндөмдүүлүктөрүн аңдап билүү үчүн таанып билүү жана жарандык компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү болду. Китеп окуу аркылуу окуучуларды социалдык баалуулук катары алардын моралдык, физикалык, руханий ден-соолугунун жеке кызыкчылыктарына жараша тарбиялоо иштнри жүрдү.
«Мерсико» уюму менен биргеликте “Окурман достор”, “Окуу үчүн убакыт”, “Окуу фестивалы”, “Окурман үй-бүлө”, ”Окуу лагери” аттуу иш чаралар өткөрүлдү.
USAID уюму менен “Бирге окуйбуз” долбооруна окуучулар активдүү катышышты.

**Конкурска катышуу жөнүндө отчет**

КТРК нын астында уюшулган “Балажанга” вокал боюнча 7-а классынын окуучусу Джайсанов Элзар катышып, ийгиликке ээ болду.
Спорттук мелдештерге төмөнкү окуучулар катышышты:
-Республикалык Таэквон-до боюнча  турнирде 1-орун (Уланбек кызы Айсулуу)
-Республикалык Таэквон-до боюнча  турнирде 2-орун (Таштанбекова Бермет)
-Ибрагимов Салих Футбол 6-ча областтык турнирде 1-орун
- Республикалык Таэквон-до боюнча  турнирде 2-орун (Уланбек кызы Айсулуу)
-Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүнө карата “Жаштар адам сатууга каршы” лозунгу менен өткөрүлгөн жеңил атлетика боюнча областтык турнирде 2-орун, 3-орун (Токтосунов Арафат)

**Жол-транспорт кырсыктарын алдын алуу /Жол кыймылынын жаш инспекторлору**

Коопсуздук максаты: мектеп окуучуларында көчөлөрдө жана жолдордо коопсуз жүрүм-турумдун туруктуу көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү.

Алдын алуу иштеринин багыттары:
Окуучулар менен иштөө:
- Класстык сааттар боюнча маектешүүлөр;
- Класстан тышкаркы иш-чараларга, жол кыймылынын эрежелери боюнча сынактарга катышуу;
- Жол эрежелери боюнча окуучулар менен практикалык көнүгүүлөрдү өткөрүү;
- Жол копсуздугунун жаш инспекторлору  иш-чараларын уюштуруу.

Педагогикалык жамаат менен иштөө:
- Мугалимдердин жолугушууларында райондо жана облуста балдардын жол-транспорт жаракат алууларынын абалы жөнүндө маалыматы менен чыгып сүйлөө;
- Жол коопсуздугу жана кырсыктардын алдын алуу боюнча иштерди биргелешип пландаштыруу;
- Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо бөлүмүнүн кызматкерлеринин балдарды жана өспүрүмдөрдү Жол кыймылынын эрежелерине үйрөтүү боюнча класс жетекчилеринин жолугушууларындагы билдирүүлөрү;

Ата-энелер менен иштөө:
- Ата-энелер чогулуштарында жол коопсуздугу көйгөйү боюнча сүйлөгөн сөздөр;
- Ата-энелер үчүн жеке кеңештер.

Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде “Абайлагыла, балдар! “ акциясынын негизинде көптөгөн иштер жүргүзүлүп турду.
1.09.21-ж. – Бул күнү окуучуларга жана ата-энелерге акция тууралуу, жолдо жүрүү эрежери тууралуу айтылды. Сентябрь айында “Абайлагыла, балдар!” девизинде иш алынып барылары жарыяланды.
4.09.21-ж. - “Абайлагыла, балдар!” темасында жолдо жүрүүнүн эрежелери тууралуу 1-11-класстарында онлайн-класстык сааттар өтүлдү.
11.09.21-ж. “Жолдо жүрсөң, абайла” темасында видео-слайддар окуучулар группаларына жөнөтүлдү.
16.09.21-ж. Бардык класстарда «Жолдо жүрүүнүн эрежелери» боюнча класстык сааттар онлайн өткөрүлдү.
19.09.21-ж. “Темир жолдо өзүн кандай алып жүрүү керек?” деген темада окуучуларга видео-слайддар жөнөтүлдү.

Ар жума сайын окуучуларга «Жолдо жүрүүнүнүн эрежелери» боюнча түшүндүрүлүп турат. Бардык класстарда, ата-энелер чогулушунда жолдо жүрүүнүн эрежелери айтылып, балдарына түшүндүрүп, сак болуулары эскертилди.

Мектепте Жол кыймылынын жаш инспекторлору 7-б классынын окуучуларынан түзүлгөн. Жетекчиси Касымова М.А.нын жетекчилиги алдында иш алып барып жатышты.

**Жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспекторунун алдын алуу максатында өткөргөн аңгемелешүүлөрү жөнүндө отчет**

Коопсуздук максаты: жаш өспүрүмдөр арасындагы укук бузуулардын алдын алуу
Алдын алуу иштеринин багыттары:
Укук бузуулардын же укук бузуулардын алдын-алуу себептерин жана шарттарын аныктоо жана жоюу боюнча уюштуруу иштерин жүргүзүү

ЖЖӨИТнүн каттоосунда турган окуучулар жок.
2-в классынын окуучусу Сагындыкова Камила сабакты көп калтырып жаткандыктан, 16.02.22-жылы ЖЖӨИ нын капитаны Агаева Г.Р. менен бирдикте, Кеңеш айылында жашап жаткан батирине барып, апасы менен сүйлөшүү болуп, мектепке чакыртылды.
17.02.22-жылы 2-в классынын окуучусу Сагындыкова Камиланын иши профилактикалык кенешмеде каралды. Бул жерде апасынын мектепке дайыма алып келе албагандыгы үчүн Камила сабакты калтырып жаткан. Апасы менен сүйлөшүп, ал сабакка дайыма кечиктирбей, калтырбай алып келүүгө убадасын берди. Турмуш шарты оор үй бүлө катары каттоого алынды.

ЖЖӨИ нын капитаны Агаева Г.Р. ар ай сайын окуучулар менен аңгемелешүү өткөрүп турат.

**Жарандык-патриоттук тарбия:**

Максаты:
- Мекенди сүйүүнү жана тынчтыкка ыктоону, ички эркиндикти жана мамлекеттик бийликти, мамлекеттик символиканы сыйлоону, ар-намыстуулук сезимин жана тартиптүүлүктү, улуттук сезимдин жана улуттар аралык карым-катнаштар маданиятынын шайкештигин, ошондой эле өзүнүн саясий, адеп-ахлактык жана укуктук тандоосу үчүн, турмуштук ийгиликке жетишүү максатында өзүнүн жөндөмдөрүн максималдуу түрдө өнүктүрүү үчүн жоопкерчилигин бекемдөөнү камтыган инсандык сапаттарды калыптандыруу

Маселелери:
- улуттук аң-сезимди, мекенчилдикти, мыйзамдуулукту жана укуктук тартипти сыйлоону, ички жан-дүйнө эркиндигин жана жеке нарк сезимин калыптандыруу;
- жарандардын жана өсүп келе жаткан муундун аң-сезимин мекенге болгон сүйүү, жигердүү турмуштук позициясында, өзүнүн билимдерин жана эмгек потенциалын Мекендин жыргалчылыгы үчүн жумшоого умтулуу деминде калыптандыруу;
- укуктук маданиятты, Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, мамлекеттик символикаларды - Кыргыз Республикасынын гербин, туусун, гимнин жана тарыхый идеалдарын сыйлоону тарбиялоо;
- заманбап дүйнөдө өсүп келе жаткан муундун тескери багыт алуусун болтурбоо максатында муундардын байланышы аркылуу руханий, адеп-ахлактык, жарандык жана мекенчилдик каада-салттарды калыбына келтирүү;
- жаштарды моралдын жалпы адамзаттык ченемдерине, улуттук каадаларга, кесиптик адептин кодексине үйрөтүү, өзүнүн ишинин натыйжаларына туура баа берүүнү тарбиялоо;
- жарандардын аң-сезиминде мекенчилдик жана жарандык баалуулуктарды аңдап билүүгө гана эмес, ал баалуулуктарды сактоого, коргоого муктаждыкты жана коргой билүүнү бекемдөө;
- жеке дареметтерди аныктоо жана өнүктүрүү, алардын негизинде адамдын жалпы жана жекече өзгөчөлүктөрүн, калыптандыруу, анын чыгармачыл потенциалын жана өз алдынча өнүгүү жөндөмүн өстүрүү;
- адамды гуманисттик сапаттарга жана турмуштук баалуулуктарга, өзүнүн ордун жана жашоо - турмушунун максаттарын аныктоого, өзүн-өзү аңдап билүүгө жана гуманисттик багыттагы жогорку дөөлөттөргө багыттоо;
- эмгекти сүйүүнү жана максатка умтулууну, турмуштагы ийгиликтерге жетишүүнүн башкы ыкмасы катары окууга, эмгекке, турмушка чыгармачыл мамиле кылууну тарбиялоо;

- муундардын ортосундагы үзгүлтүксүз байланышты камсыз кылуу, ата-энелерге, карыларга урмат көрсөтүүгө, кичүүлөргө жана өзгөчө муктаждыктагы адамдарга кам көрүүгө тарбиялоо;
- таза жашоо ыңгайына, үй-бүлө куруута, тукум улантууга, жаңы муунду материалдык жактан камсыздоого жана гуманизм духунда тарбиялоого үйрөтүү жана үгүттөө;
- жаратылышка, айлана чөйрөгө аяр мамиле кылууну тарбиялоо;
- көркөмдүккө мамилени, жалпы адамзаттык жана улуттук маданияттын дөөлөттөрүн өздөштүрүүгө мамилени тарбиялоо, эстетикалык баалуулуктарды жана табитти руханий маданияттын баалуулуктарын түзүүгө жана аны байытууга, коомдун маданий турмушуна катышууга умтулууну калыптандыруу.

Октябрда «Мен жана менин укугум» деген темада окуучулар арасында диспут өткөрүлдү. Мында окуучулар эмнеге укутуу экендигин баса белгилешип, талаш-тартыш менен диспут балдардын кызыгууларын арттырды.

Жыл ичинде ЖЖӨИнин инспекциясы менен бирдите кылмыштуулуктун алдын алуу иштери жүргүзүлөт. Атайын иш пландары бекитилген.

Балдарды жол кырсыгынан сактоо максатында жолдо жүрүү эрежелерин түшүндүрүү иштери ар бир класста дайыма жүргүзүлүп турат.

Класс жетекчилер тарабынан ар бир окуучунун күндөлүгүндө үйдөн мектепке чейинки маршруттары белгиленип, 3-тараптуу келишим түзүлгөн.

«Тобокел топтогу» ар бир бала менен иш алып баруу дагы туура жолго коюлган.

Кыздар жана балдар кеңештери жыл ичинде үзгүлтүксүз, кыздар жана балдар арасында тарбиялык маанидеги иштерди алып барып турушат

Мектеп ичинде учётто турган окуучулар менен атайын иш алып барылат. Мектеп дирекциясы тарабынан уюштурулган түнкү рейддер ай сайын эки жолу мугалимдер жана ЖЖӨИ инспекторлору тарабынан өткөрүлүп турду.

Октябрь айында мектепте профилактикалык чогулуш болуп өттү. Мында тартип бузуулардыналдын алуу жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иш алып барылды. Мектепке бөлүнгөн ЖЖӨИ инспектору АгаеваГ.Р. менен бирдикте кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча доклад окулуп, ата-энелер менен бирдикте талкууга алынган жолугушуулар өтүлүп турду. Рэкетчиликтин алдын алуу боюнча иштер үзгүлтүксүз жүргүзүлүп, окуучулар кечинде көчөгө чыкпашы жана ата-энелер мектеп менен тыгыз байланышып, балдарга көзөмөлдүктү күчөтүүсү жыл ичинде каралып турду. Ар бир класс жетекчи график менен мектеп администрациясынын жетекчилиги астында түнкү рейддерге чыгышып, балдарга туура жүрүүсү жөнүндө иш чаралар өткөрүлүп турду.

Түнкү рейддерге көбүнчө тентек, ар кандай адепсиз ишке жөндөмдүү, сабакты көп калтырган окуучулардын үйлөрүнө барууу жагы каралган. Рейд жүргүзүлгөн учурда атайын уюштурулган ата-эне менен байланыш дептерлерине жазылып, окуучулар менен иш алып барылат.

Ошондой эле мектеп окуучуларынын арасында налог салуу зомбулугун болтурбоо жана анын алдын алуу боюнча ар бир класс жетекчи иш пландарын түзүшүп, өзүлөрүнүн окуучуларынын арасында «Зомбулуксуз мектеп»-деген темада атайын тарбиялык ачык сааттарды өткөрүштү.

Кыздар менен иш алып баруу дагы жакшы жолго коюлган. Жыл башында кыздар арасында атайын тарбиялык Кыздар кеңеши түзүлүп, иш пландары бекитилип, жетекчилигине англис тили мугалими Фармонова М.И. дайындалды.

Мектепте жаш милиционерлер тобу түзүлгөн. Аларга 10б,в классынын окуучулары бекитилген. Класс жетекчиси Сырдыбаева А.Т., Именова З.Т.

Ата-энелер менен байланышты күчөтүү, аларды тарбия ишине тартуу, балдарга болгон жоопкерчиликти арттыруу- мектеп мугалимдери үчүн абдан жакшы жардам болуп саналат. Кылмыштуулукка каршы тарбиясы оор балдар менен иш алып баруу дагы ата-энелер тарабынан эң жакшы жолго коюлган. Ата-энелер менен байланышты күчөтүүнүн өзү эле балдарга болгон жоопкерчиликти арттыруу болуп эсептелет, жыл ичинде аталар жана энелер кеңештери окуучу кыздардардын жана балдардын арасында үзгүлтүксүз түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турушат.

Алар тарабынан уюштурулган тегерек столдор, кызыктуу кечелер, викториналар көптөгөн жетишкендиктерди алып келет. Балдар арасында кезигүүчү укук бузуулардын алдын алуу максатында ата-энелер комитети мектеп менен дайыма тыгыз байланышта иш алып барышат.

Улуу Жеңиштин 76 жылдык маарекесине карата Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде иш-чаралар өткөрүлдү.

- “Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 76 жылдыгына арналган” иш чаралардын планы иштелип чыкты.
- Мектепте “Эч ким эч качан унутулбайт” деген бурч уюшурулду.
- 8-11-класстар арасында “Улуу Жеңишке 76 жыл” темасында окуучулар эссе жазышып, кыргыз тили, орус тили мугалимдери текшеришип, жыйынтыгы чыгарылды.
- Окуучуларга “Өлбөс полк” эстафетасындагы окуучулардын өзүнүн чоң ата, чоң энесинин сүрөтүн көрсөтүп, эрдигин айтып берүүсү маалымдалып, окуучулар активдүү катышышты.
- “Көркөм өнөр чеберчилиги” сынагы өткөрүлдү. Окуучулар жасаган иштеринин сүрөт, видеосун WhatsApp аркылуу жөнөтүшүп, мыктылары аныкталды.

- Көркөм окуу сынагы өткөрүлдү. Сынакка бардык класстын окуучулары катышып, чыгармачылыгын көрсөтүштү.

1-сентябрда 1-класстык саат: 1-4-класстарда «Менин суйуктуу Кыргызстаным », 5-11-класстарда ”Бактылуу уй-булөө - бактылуу коом” темасында класстык сааттар өтүлдү.

Атайын “Мекеним –Кыргызстан”, “Мен мекенимди баалаймын”- аттуу сүрөт коргозмолору откорулду.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2015-жылдын 31-декабрындагы “2016жыл Тарых жана Маданият жылы деп жарыялоо жөнүндөгү” жарлыгына ылайык мектепте атайын стенд уюштурулду. Бул стенд 4 бөлүктөн турат:

1)Тарыхый инсандар 2)Тарыхый эстеликтер 3) Материалдык маданият 4) Руханий маданият

Ар бир доордун өзүнүн тарыхы жана маданияты менен окуучулар ушул уюштурулган стенд аркылуу мугалимдин кошумча түшүнүк берүүсү аркылуу маалымат ала алышты.

Улуттук атрибуттарыбыздын бири болгон Туунун күнүн белгилөө, Ак калпак күнү менен бирге өткөрүлдү.

25.02-01.03.22. - “Желбирей бер кылымдарга, Кыргызымдын желеги” деген темада жогорку класстын окуучулары дилбаян жазышты.

03.03.22. - “Мамлекеттик атрибуттарды канчалык денгээлде билесин?” деген суроонун негизинде викторина орто звенонун ортосунда өттү.

Кыргыздардын улуттук баш кийими бул - Ак калпак. Кыргыз калпагы - жашоо-тиричиликке ыңгайлуу, жайы күндөн сактаса, кышкысын суукта коргогон ыйык баш кийим. Ал эми, 2011-жылдын 5-мартынан тарта Кыргызстан боюнча Ак калпак күнү белгиленип келет. Дал ушул Ак калпак күнүнө карата мектепте «Асмандан жарык корсон жылдыз деп бил, ак калпак кийгендерди кыргыз деп бил» деген ураандын астында акция өткөрүлдү. Бул күнү окуучулардын бардыгы калпак кийип келишти.

05.03.22. - “Улут жүзү - Ак калпак” деген аталышта ар бир параллелде линейка өткөрүлдү. Жооптуу Мокеева Б.Ж. жана Дүйшөманбет кызы Н. 2-сабак менен 3-сабактын ортосундагы тыныгууда калпак кийген окуучу балдар алдын ала даярдалган флешмоб бийин бийлешип, кыргыздын ак калпагын даңазалашты. Бул күнү ар бир класста биринчи сабак ак калпак тууралуу кыскача маалымат жана ал тууралуу ырлар айтуу менен башталды.

Мектепте “Улут жүзү - Ак калпак” деген аталышта бурч уюштурулду.

06.04.22. - “7-апрель, 2010-жыл...” деген темада ар бир класста видео-слайд түрүндө класстык сааттар өткөрүлдү. Класстык сааттарда класс жетекчилер окуучуларга Апрель революциясынын чыгуу себептерин, курман болгондор тууралуу, убактылуу өкмөт тууралуу ж.б. кеңири чагылдырып, маалымат берилди. (1-11-кл.)

**Психоактивдүү заттарды, баңги заттарды кыянаттык менен пайдалануунун алдын алуу**

Максаты:
Окуучулардын психикалык активдүү заттарды колдонууга катышуу деңгээлин минималдаштырууга багытталган профилактикалык иш-чаралардын инфраструктурасын жана мазмунун үзгүлтүксүз иштеп чыгуу
Маселелери:
- ар тараптуу тутумдук таасир тийгизүүнү камсыз кылуу үчүн профилактикалык процесстин бардык катышуучуларынын күч-аракеттерин бириктирүү менен билим берүү чөйрөсүндө бирдиктүү алдын алуу мейкиндигин түзүү;
- мектепте психоактивдүү заттарды колдонууга окуучулардын катышуусун шарттай турган жагдайлардын жана факторлордун таасирин жоюу;
- социалдык жана экологиялык - социалдык, психологиялык колдоо кызматынын инфраструктурасын түзүү жана позитивдүү кызыкчылыктарды, эс алууну жана ден-соолукту өнүктүрүү;
Жыл ичинде психоактивдүү заттарды, баңги заттарды кыянаттык менен пайдалануунун алдын алуу максатында ар дайым аңгемелешүүлөр өткөрүлүп турду. Класстык сааттарда чагылдырылды.

**Тамеки чегүүнүн, алкоголизмдин жана баңгиликтин алдын алуу боюнча жумалык**

Максаты:
Тамеки чегүүгө, алкоголизм жана баңгиликке каршы пропагандалоо ишин жүргүзүү, аларды керектөөнүн зыяндыгы жана айланадагы тамеки түтүнүнүн зыяндуу таасири жөнүндө окуучулардын билимин жана маалымдалышын жогорулатуу;
Маселелери:
- алкоголизм , баңгилик жана тамеки чегүүнүн алдын алуу,;
- окуучулардын сергек жашоо образы жана алардын ден-соолугуна жоопкерчиликтүү мамиле кылуу көндүмдөрүн калыптандыруу;
- психикалык активдүү заттарды кыянаттык менен пайдаланууга, алкоголизмге, баңгиликке жакын "тобокел тобундагы" балдарды аныктоо;
- диагностика (окуучуларды анкеталоо, топтук, жеке иш) балдарды аныктоо максатында,аддитивдүү жүрүм-турумга жакын;
- мектеп окуучуларынын арасында сергек жашоо образын калыптандыруу жана тамеки тартууга, алкоголго болгон терс мамилелер, дары-дармектер;
- окуучуларга психикалык активдүү заттардын адам организмине таасири жөнүндө объективдүү маалымат берүү;
- окуучулардын жашоону туура тандоого багытталышы, сергек жашоо образы

Алдын алуу иштеринин багыттары:

- Окуучулардын  ден-соолугунун абалын анализдөө
- Окуучулардын психикалык абалын көзөмөлдөө:
    - натыйжалуулук;
    - окуучулардын жаңы окуу шарттарына  адаптацияланышы;
    - акыл-эс  өнүгүүсүнүн динамикасы;
    - кесиптик кызыкчылыктарды аныктоо жана  ыктоо;
    - -окуучулардын  даярдыгын баалоо

- Ден-соолукту сактоого багытталган сабактарды уюштуруу:
    - сабакты сарамжалдуу уюштуруу;
    - физикалык мүнөттөр;
    - динамикалык пауза;
    - сейилдөө;
    - санитардык-гигиеналык ченемдердин сакталышы
- Дубал гезиттер сынагын  уюштуруу
- Класстык сааттарды өткөрүү

Жыл ичинде "Сергек жашоого тарбиялоо" боюнча атйын иш п ланы түзүлүп бекитилген. Мында класс жетекчилер төмөндө б ерилген темадагы класстык сааттарды өткөрүшөт. Алар: "Өздүк гигиенаны сактоо", "ВИЧ ифекциясынын алдын алуу", "СПИД-эң коркунучтуу дарт", "Спорт-
ден соолуктун булагы", "Алкоголдун зыяндуулугу", "Тазалык-
ден соолуктун булагы",
"Тамекиөмүргө зыян". Бул сабактар атайын көрсөтмө куралдар м енен жабдылып, аңгемелешүү, диспут, мээге чабуул, дилбаян,эсс е, ж.б. түрдүү методикалар менен өтүлөт. Кээ бир сабактар видео фильмдерди көрсөтүү менен жыйынтыкталат.

Окуучулар сергек жашоонун маанисинин терендигин, турмушка өтө зарылдыгын, келечек үчүн максат кылууну алдыларына коюшат.. Чындыгында эле эгерде бала спорт менен машыгып турса, анын д ени дагы сак, эч жери оорубаса, көңүлү дагы ачык болуп, жашоого койгон максаты да ойдогудай болот, келечекке койгон тилеги дагы орундалат. Ал эми бала спорт менен кызыкпаса, бир жери ооруп турса, ал баланын жашоого дагы кызыгы болбойт да.

**Укук бузуулардын, суициддик жүрүм-турумдун, кыянаттыктын алдын алуу:**

Максаты:
Оор кырдаалда турган жашы жете электерди реабилитациялоодо иштин натыйжалуулугун жогорулатуу, укук бузуулардын алдын алуу үчүн социалдык- педагогикалык жардам берип, психологиялык шарттарды түзүү

Маселелери:

- билим берүү мекемесинде өспүрүмдөр менен иштөөдө тарбиялык-профилактикалык иштин деңгээлин жогорулатуу;
- оор кырдаалда турган жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо;
- үй-бүлөлүк көйгөйлөрдү эрте аныктоо жана адистештирилген даректүү жардам көрсөтүү;
- окуучуларга педагогика-психологиялык жана медициналык жактан колдоо шарттарын түзүү ;
- Окуучулар, педагогикалык жамаат, ата-энелер арасындагы консультациялык-профилактикалык иштерди жандандыруу

Алдын алуу иштеринин багыттары:

- Уюштуруу иш аракеттери
- Окуучулар менен иш алып баруу
- Үй-булө менен иш алып баруу
- Укуктук билим берүү

15.01.22-15.02.22 - “Үй бүлөлүк зордук-зомбулукту болтурбоонун алдын алуунун” бир айлыгы өткөрүлдү. Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде “Үй- бүлөлүк зомбулукка жол жок ” аталышындагы бир айлыкка карата буйрук чыгарылып, планы түзүлүп, бекитилди.

Окуучуларга класстык сааттарда аялдар жана балдар арасындагы зомбулукту болтурбоо тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү класс жетекчилерге милдеттендирилди.

20.01.22-ж. Аялдарга жана балдарга болгон зордук-зомбулуктардын алдын алуу максатында маалыматтык бурч уюштурулду. Жооптуу: соцпедагог жана мектептин китепканачысы.

02.02.22-ж. “Зомбулукка жол жок”, “Сен укуктуусуң”, “Жаңы кылымдагы баланын укугу” деген темаларда сценка, тегерек стол уюштурулду. 5-7-класстын окуучулары сценка көрсөтүштү, ал эми 8-11-класстарда болсо тегерек стол өткөрүлдү. Бул иш чараларда азыркы учурда болуп жаткан окуялар чагылдырылып, талкуу болду.

03.02.22-ж. 1-11-класска чейин “Үй-бүлөлүк зомбулук”, “Зомбулукка жол жок” темасында класстык сааттар өтүлдү. Класстык сааттарда “Зордук зомбулук деген эмне?, Үй бүлөлүк зомбулуктун түрлөрү, Агрессорду кантип билет? Балдарга болгон зомбулук? Мектептеги зомбулук? Эмне кылыш керек? Кайда кайрылуу керек? деген суроолордун айланасында аңгемелешүүлөр, талкуулар болду.

Жашоонун оор шарттарында жана ата-энеси сыртта жүрүп, тууган дарында жашап, тарбияланып жаткан окуучулардын тизмеси такталып, базага киргизилди.

Окуучуларга карата катаал мамиле, зомбулук боло турган болсо кайда кайрылаары тууралуу маалымат берилди.

Мектеп ичинде күн сайын окуучулардын сабакка келүүсү боюнча мониторинг жүргүзүлүп, сабакка келбеген балдардын себептери такталып,

мектеп жетекчилиги жана класс жетекчилер тарабынан ыкчам чаралар көргөзүлүп жатат.
Майдын үчүнчү жумасында “Апакем- менин күнүм” аталышында класстык сааттар 1-11-класстарда өткөрүлдү.
1-июнь- Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүнө карата онлайн класстык саат өтүлдү.

**Индекс боюнча маалымат 04-11**

Азыркы учурга байланыштуу окуучулар онлайн режиминде үйдө окуп жатышкандыктан, ИДН кызматкери, ТИ боюнча директорунун орун басары жана соц.педагог менен биргеликте онлайн-сабакка начар катышкан окуучулардын үйлөрүнө рейд иши жургузулду. Ата-энелери менен сүйлөшүү иштери жүргүзүлдү.

2-в классынын окуучусу Сагындыкова Камила сабакты көп калтырып жаткандыктан, 16.02.22-жылы ЖЖӨИ нын капитаны Агаева Г.Р. менен бирдикте, Кеңеш айылында жашап жаткан батирине барып, апасы менен сүйлөшүү болуп, мектепке чакыртылды.
17.02.22-жылы 2-в классынын окуучусу Сагындыкова Камиланын иши профилактикалык кенешмеде каралды. Бул жерде апасынын мектепке дайыма алып келе албагандыгы үчүн Камила сабакты калтырып жаткан. Апасы менен сүйлөшүп, ал сабакка дайыма кечиктирбей, калтырбай алып келүүгө убадасын берди. Турмуш шарты оор үй бүлө катары каттоого алынды.

Апрель айында алдын алуу Кеңешмесинде эки иш каралды.
1.5–в классынын окуучусу Голощапова Вероника сабакты себепсиз көп калтырып, туура эмес жүрүм-туруму байкалгандыктан Алдын алуу кеңешмеде иши каралды. Ата-энеси чакыртылып, эскертүү берилип, мектеп ичиндеги каттоого алынды. Класс жетекчи, ата-эне тарабынан катуу көзөмөлгө алуу тапшырылды.
2. 6-а классынын окуучулары Давлетбеков Кудайберген жана Төлөев Эмирхан экөөнүн иши каралды. Бул окуучулар Кант шаарындагы “Ала-Тоо” мончосунун жанына барып бейбаштык кылгандыгы үчүн Алдын алуу кеңешмеде иши каралды. Ата-энелери чакырылып, сабактан кийин көчөгө себеби жок баспоосу айтылып, катуу көзөмөлгө алуулары тапшырылды. Класс жетекчиси Дүйшөманбет к. Назирага сабактардан жетишүүсүнө, тартибине катуу көзөмөл кылуусу тапшырылды. Давлетбеков Кудайберген мектеп ичиндеги каттоого алынды. Ал эми Төлөев Эмирханга эскертүү берилди.

**Окуу жылы ичинде мектептин элдештирүү кызматынын иши:**
Биздин мектепте элдештирүү кызматы иштеп жатат. Бул иш-чаралар төмөнкү принциптерге негизделген: ыктыярдуулук, маалымдуулук, бейтараптык, купуялуулук, жоопкерчилик, көзкарандысыздык .
Мектеп кызматы эки багытта иштейт:

- балдар ортосундагы чыр-чатактар ("окуучу-окуучу");
- "окуучу - мугалим" чыр-чатактары

Мектептин элдештирүү кызматы төмөнкү маселелерди карайт:

- Мектептеги конфликттердин катышуучулары үчүн элдештирүүчү программаларды аткаруу
- Жашы жете электер арасындагы укук бузуулардын жана кылмыштуулуктун алдын алуу;
- Окуучуларга, ата-энелерге жана мугалимдерге калыбына келтирүүчү медиациянын принциптери жана баалуулуктары жөнүндө маалымат берүү.

Мектептин элдештирүү кызматына медиаторлор, мугалимдер жана 8-11-класстын окуучулары кирет.

1) директордун орун басары – Орозбаева Ж.К.
2) социалдык педагог- Кенешбеков У.У.
3) мугалимдер – Султанова К.А., Уманская Е.А.

Мектепте 8-б класстын окуучулары менен 8в класстын эркек балдарынын ортосунда пикир келишпестик орун алып, мектептин элдештирүү кызматынын аралашуусу менен окуучулар элдештирилип, тушүндурүү иштери жүргүзүлдү.

**Ата-энелер менен иштөө:**

Мектепте окуучулардын билим сапатынын өсүшүнө ата-энелердин мектеп менен тыгыз байланышта болуусу түздөн түз таасирин тийгизет.

Сентябрь айынан баштап жыл аягына чейин мектеп менен ата-энелердин байланышы тыгыз болуп, көп иш чаралар аткарылды.

Сентябрь айында жалпы ата-энелер менен чогулушу онлайн өткөрүлүп, мектептин жетишкендиктери жана мектеп кайсы жагынан начар болуп жаткандыгы айтылды.

Окуучулардын формасы, тазалыгы,тартиби жөнүндө сөз болду. Мектепте кыздар жана балдар үчүн бирдей форма кабыл алынып,окуучуларды форма, окуу куралдары менен камсыздоо ата-энелерге милдеттендирилди. Ата-эне, мугалим,окуучу тарабынан үч тараптуу келишимдер түзүлдү.

Мектеп боюнча ата-энелер комитети түзүлүп, мүчөлөрү жана төрагасы шайланды.

Октябрь айында Кылмыштуулукту алдын алуу максатында тартиби оор, үй-бүлөдө ата-энеси башка жакка иштеп кеткен, томолой жетим балдардын үйлөрүнө рейддерди жүргүзүп, көзөмөл кылып туруу үчүн атайын комитет түзүлдү. Мектеп менен тыгыз байланышта болуу үчүн ата-энелерди катыштырган иш чаралар өтүп турары белгиленди.

Сабакка келбей, сабактан качкан окуучулардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

Класстарда ар бир ай сайын ата-энелер жыйналыштары өтүлүп, окуучулардын сабакта жетишкендиктери, кемчиликтери, тартиби жөнүндө талкуулашты.

Ноябрь айында жалпы ата-энелер жыйналышы онлайн өтүлүп, мектепте камкордук кеңеши ачылды.

Камкордук кеңешинин мүчөлөрү , төрайымы шайланып, камкордук кеңешинин иши башталды.
Ар бир класста ата-энелер жыйналышы өтүлүп, балдарынын чейректери боюнча билим сапаты, жыйынтыгы айтылды.
Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында ар бир класстын ата-энелер комитети чогулуп, окуучулар арасында налог салуу, зордук зомбулукту алдын алуу, болтурбоо чаралары боюнча иш чара өтүлдү.

Жарым жылдык жыйынтык чыгарылып,ата-энелер комитетинин билдирүүсү болду.
Окуучулардын чейректери боюнча билимдери айтылып, жетишпеген, сабакты көп калтырган окуучулардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр болду.
Сабакты көп калтырып жаткан 2-класстын окуучулары Сагындыкованын энеси жана 4-класстын окуучусу Лян Сабиттин энеси менен сүйлөшүлүп, балдарынын сабакка катышуусуна көзөмөл болуусу, убагында жиберип туруусу милдеттендирилди.
Ата-энелер Ата Мекенди коргоо күнүнө арналган иш чараларга катышууга чакырылып, балдарынын өнөрлөрүнө күбө болуп кетишти.
Ата-энелер комитетинин катышуусу менен үй-бүлөдө шарты оор 4а-классынын окуучусу Аштыкчиев Даниярдын, томолой жетим Касымовдордун үйлөрүнө рейд жүргүзүлдү.
Ар бир класста ата-энелер жыйналышы онлайн өтүлүп, балдардын тартиби, сабакка катышуусу, жетишүүсү боюнча класс жетекчилердин билдирүүлөрү болду.
Айыл өкмөтүнүн , мугалимдер коллективинин, ИДН кызматкерлеринин,ата-энелердин катышуусу менен мектеп окуучуларынын тартиби, балдарды тарбиялоодо ата-эненин,мугалимдердин, коомчулуктун, айлана-чөйрөнүн таасири жөнүндө ой толгоо жыйналышы өткөрүлдү.
Акыркы жылдары айрыкча айыл арасында балдардын келишпөөчүлүктөрү,аларга болушуп чоң балдар арасында чатактар көп болуп жатканы, аларды канткенде токтотуп, ынтымакка чакыруу керектигине токтолуп, бул проблеманы чогуу отуруп чечишти.
Май айында жалпы ата-энелер менен аралыктан ар бир класс жетекчи жыйналыш өткөрүп, жыл жыйынтыгы боюнча билдирүү болду.
Ата-энелер менен сүйлөшүүдө каралган маселелер: Эрте никеге туруу; өзүнө кол салуусунун алдын алуу чаралары; мектеп рэкетин алдын алуу; тамеки чегүү жана спирттик ичимдиктерди колдонуунун алдын алуу; суу сактагычтарга барбоо иш чаралары эскертилди жана бүтүрүүчү класстардын ар кандай кафе, ресторандарга, жаратылышка чыгуусуна тыюу салынгандыгы айтылды.

**Терроризм жана экстремизм идеологиясына каршы туруу:**
Окуу жылына карата диний экстремизмге каршы иш-чаралардын планы түзүлүп, таааныштырылды.

Диний экстремизмге каршы туруу боюнча мектеп кызматкерлерине, окуучуларга инструктаж өткөрүлдү.
Диний экстремизмге каршы туруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү таркатылды.
Коопсуздук кызматы тарабынан мектептини аймагында жана имаратында уруксаты жок адамдардын болушу дайыма  көзөмөлдө болуп турду.
"Терроризм коомго коркунуч келтирет", "Экстремизм жана терроризм анын маңызы", "Биз экстремизмге каршыбыз", “Толеранттуулук адам укуктарынын кепилдиги” темаларында класстык сааттар өтүлдү.
Хиджаб боюнча "макул" жана "жок" деген суроолор боюнча окуучулар арасында диспут өткөрүлдү.

**2021-2022 окуу жылынын маселелери:**

**Максат:** Мектеп окуучуларынын толук инсан болуп өнүгүп,өсүүлөрүнө, коомдо пазитивдүүлүккө, келечектеги  жашоосунда  бир кесиптин ээси болушуна, ар кандай оор шартка кабылган үй-бүлөлөргө жана коомубузга шарттарды түзүү.
**Маселелер:**
1.  Мектеп окуучуларына, ата-энелерине жана ошондой эле  “тобокел тобунда” каттоодо турган балдарга аңгемелешүү жүргүзүп,байланышып туруу;  окуусунда, өсүп-өнүгүүсүндө көйгөйлөрү бар жана  коомдо кооптуу жагдайларга дуушар болгон балдарга өз убагында, комплекстүү, социалдык-педагогикалык, психологиялык жана укуктук жардамдарды уюштуруу.
2. Жашоо шарты оор үй-бүлөлөргө, коомдук жетимчиликке дуушар болгондорго, жаш өспүрүмдөргө болгон зордук-зомбулукка, коомго каршы, кайдыгер жүрүм-турумдагы балдарга жана укук бузган окуучуларга эскертүү жүргүзүү. Ошондой эле сергек жашоого үндөө.
3. Бардык билим берүү процессинин катышуучуларынын, ата-энелердин педагогикалык билимин жана укуктук маданиятын жогорулатуу
4. “Социалдык коркунучта турган”  үй бүлөлөр менен шериктештикте болуу жана ”тобокел тобунда” турган балдардын укугун коргоо.
5. “Ден соолук жана билим берүү” программасын ишке ашыруу.

Директор: Тыныстанова С.А.
Социалдык педагог: Калыбек к.Н.

**Социалдык педагогдун жылдык отчету**
**2021/2022 окуу жылы үчүн**

**Социалдык процесстеги негизги багыттар:**

- Баланы тарбиялоого жана окутууга байланыштуу көйгөйлөр менен үй-бүлөгө жардам берүү;
- Балдардын суроо-талаптарын, муктаждыктарын аныктоо жана тиешелүү мекемелердин жана уюмдардын адистерин тартуу менен конкреттүү окуучуларга жардам берүүчү чараларды иштеп чыгуу;
- Баланын окуу көрсөткүчүнө жана мектепке катышуусуна терс таасирин тийгизген себептерди жоюуга жардам берүү;
- Социалдык-педагогикалык иш-чараларды, акцияларды уюштурууга жана өткөрүүгө балдарды, ата-энелерди, коомчулукту тартуу;
- Баланын кызыкчылыктарын козгогон чыр-чатактарды, көйгөйлөрдү, турмуштук оор кырдаалдарды, өнүгүүнүн алгачкы этаптарында олуттуу кесепеттердин алдын алуу максатында таануу, аныктоо жана чечүү;
- Оор турмуштук кырдаалдарды чечүү, үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо, чыр-чатактар ж.б.у.с. балдарга жана алардын ата-энелерине жекече жана топтук кеңеш берүү;
- Психологиялык ден-соолугун жана социалдык жүрүм-турумдун алдын алуу жана оңдоо;
- Окуу процессин социалдык-педагогикалык жактан колдоо.

**Иштин максаты:** Мектеп окуучуларынын толук инсан болуп өнүгүп,өсүүлөрүнө, коомдо позитивдүүлүккө, келечектеги жашоосунда бир кесиптин ээси болушуна жана ар кандай оор шартка кабылган үй-бүлөлөргө , коомубузга шарттарды түзүү.

**Негизги маселелер:**

- Мектеп окуучуларына, ата-энелерине жана ошондой эле "тобокел тобунда" каттоодо турган балдарга аңгемелешүү жүргүзүп,байланышып туруу; окуусунда, өсүп-өнүгүүсүндө көйгөйлөрү бар жана коомдо кооптуу жагдайларга дуушар болгон балдарга өз убагында, комплекстүү, социалдык-педагогикалык, психологиялык жана укуктук жардамдарды уюштуруу.
- Жашоо шарты оор үй-бүлөлөргө, коомдук жетимчиликке дуушар болгондорго, жаш өспүрүмдөргө болгон зордук-зомбулукка, коомго каршы, кайдыгер жүрүм-турумдагы балдарга жана укук бузган окуучуларга эскертүү жүргүзүү. Ошондой эле сергек жашоого үндөө.

- Бардык билим берүү процессинин катышуучуларынын, ата-энелердин педагогикалык билимин жана укуктук маданиятын жогорулатуу

- “Социалдык коркунучта турган” үй бүлөлөр менен шериктештикте болуу жана ”тобокел тобунда” турган балдардын укугун коргоо.

- “Ден соолук жана билим берүү” программасын ишке ашыруу.

**Социалдык блоктон маалымат жайгаштыруу үчүн ОО веб-сайтын колдонуу:**

Мектептин социалдык иштери боюнча маалыматтары Instagram**,** WhatsApp, Ваккера.мектеп.кд сайтына байма –бай жайгаштырылып, окуучулар, ата-энелер мектеп турмушунан кабардар болуп турат.

**2021/2022 окуу жылындагы класс жетекчилеринин УБнин иши:**

7. Класс жетекчилердин УБ нин окуу жылындагы темасы: « Баланы жана анын үй бүлөсүн күнүмдүк
   жашоо-турмушка кайра тартуу, өзүнө жардам берүү көндүмдөрүн калыптандыруу, бала жана үй бүлөнүн турмуштук кыйынчылыктарды жеңип өтүү ресурстарын жигердентүү!”
8. Иштин максаты:
   Мектеп окуучуларынын толук инсан болуп өнүгүп,өсүүлөрүнө, коомдо позитивдүүлүккө, келечектеги жашоосунда бир кесиптин ээси болушуна жана ар кандай оор шартка кабылган үй-бүлөлөргө , коомубузга шарттарды түзүү.
9. Маселелер:
   - Социалдык педагог класс жетекчилер менен биргеликте класстардын социологиялык карталарын түзүп, анда класска канча категориядагы балдар киргендиги көрсөтүү.
   - Ушул карталардын негизинде мектептин социологиялык картасын түзүү.
   - Бир нече жылдык иштин жүрүшүндө “социалдык тобокелдик тобунун” үй-бүлөлөрүнүн өсүү динамикасын байкоо жүргүзүү.
   - Биринчи жылы иштеп жаткан класс жетекчилерге социалдык педагог тарабынан класс менен таанышууга жардам берүү.
10. Иштин негизги багыттары:
    Мектептен чыгып калуу тобокелчилигиндеги балдар менен алдын алуучу иштерди жүргүзүү, оор турмуштук кырдаалда калган балдарды өз учурунда аныктоо жана аларга психологиялык-медициналык-педагогикалык, укуктук жардам көрсөтүүлөрдү уюштуруу.

11. Иштин негизги формалары:
    -Кырдаалды ачуу жана ресурстарды изилдөө.
    -Кырдаал боюнча ишмердүүлүктү пландаштыруу.
    -Ишке ашыруу, мониторинг жүргүзүү.
    -Социалдык педагогикалык коштоонун натыйжаларын баалоо жана чечим чыгаруу
12. УБ чогулуштарынын саны: 3
7. Класс жетекчилердин УБнин чогулуштарынын темалары:
   1-чогулуш, август - 2021-2022-окуу жылы үчүн класс жетекчилердин иш тутумун уюштуруу

   2-чогулуш, октябрь - Класс жетекчиси менен окуучулардын жана алардын ата-энелеринин салттуу эмес кызматташуусу

   3-чогулуш, декабрь - Балдарды колдоо педагогикасы: окуучулардын девианттык жүрүм-турумун алдын алуу үчүн мектептин, үй-бүлөнүн жана коомдун өз ара аракети. Окуу-профилактикалык ишти өркүндөтүү.

**Социалдык педагог тарабынан класс жетекчилердин ишин көзөмөлдөө:**

Документтерди талдоо: окуучунун социалдык паспорту, кл.журнал / ЖКБС, үй-бүлөнүн жашоо-шартын пландык изилдөө актысын көзөмөлдөйт. Баарлашууга көзөмөл жүргүзүү: окуучу, кл.жетекчи, ата-эне.

**Класстан тышкаркы иштердин түрлөрү:**

1. Мектепте 8 кружок иш алып барды.

“Волейбол” (Кармышев Дж.Дж.)
“Баскетбол”( Адамалыев Н.А.)
“Футбол” (Абдраев У.Дж.)
“Таэквон-до” (Пак Н.Н.)
“Вокал” (Пащенко Л.В.)
“Хор”(Николенко Т.Я.)
“Бий” ийрими (Пащенко Л.В.)
“Шахмат” ийрими ( Ибралиев С.)

2.спорттук секциялар

“Волейбол” (Кармышев Дж.Дж.)
“Баскетбол”( Адамалыев Н.А.)
“Футбол” (Абдраев У.Дж.)
“Таэквон-до” (Пак Н.Н.)

Мектепте төмөнку кружоктөр өзүнүн ишин алып барып жатат.

**“**Волейбол” (Кармышев Дж.Дж.) – 30 окуучу
“Баскетбол”( Адамалыев Н.А.) – 14 окуучу
“Футбол” (Абдраев У.Дж.) – 20 окуучу
“Таэквон-до” (Пак Н.Н.) – 11 окуучу
“Вокал” (Пащенко Л.В.) – 20 окуучу

“Хор”(Николенко Т.Я.) – 16 учеников
“Бий” ийрими (ПащенкоЛ.В.)-36 окуучу
“Шахмат” ийрими( Ибралиев С.)-86 окуучу

Таэквон-до боюнча Шаардык Чемпионатык турнирде 3-орун
(Хайриев Имран)
Таэквон-до боюнча Шаардык Чемпионатык турнирде Мукашев Бексултан “Женишке умтулуу” аталышында граммота жана медальга ээ болду.

**Ийримдерге жана секцияларга катышуу:**
- кружоктордо жана секцияларда катышкандардын жалпы саны- 233 окуучу
- окуучулардын спорттук секцияларга катышуусу: мектептик – 75 окуучу
- окуучулардын ийримдерге катышуусу- 158 окуучу

**Окуу жылында китепкананын коомдук процесстерге катышуусу:**
2020-2021-окуу жылында мектеп китепканасынын негизги максаты - окуучулардын жеке жоопкерчилик, билгичтик, өз жөндөмдүүлүктөрүн аңдап билүү үчүн таанып билүү жана жарандык компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү болду. Китеп окуу аркылуу окуучуларды социалдык баалуулук катары алардын моралдык, физикалык, руханий ден-соолугунун жеке кызыкчылыктарына жараша тарбиялоо иштери жүрдү.

**Конкурска катышуу жөнүндө отчет**

- Таэквон-до боюнча Шаардык Чемпионатык турнирде Хайриев Имран 3-орунга ээ болуп, медаль жана граммота менен сыйланды.
-Шаардык Чемпионатык турнирде Мукашев Бексултан “Женишке умтулуу” аталышында граммота жана медалга ээ болду.
Райондук деңгээлде өткөрүлгөн мектеп лигасында Ваккер мектеби Финалга чыгып,кийинки оюнга даярдык көрүп жатышат.

**Жол-транспорт кырсыктарын алдын алуу /Жол кыймылынын жаш инспекторлору**

Коопсуздук максаты: мектеп окуучуларында көчөлөрдө жана жолдордо коопсуз жүрүм-турумдун туруктуу көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү.

Алдын алуу иштеринин багыттары:
Окуучулар менен иштөө:
- Класстык сааттар боюнча маектешүүлөр;
- Класстан тышкаркы иш-чараларга, жол кыймылынын эрежелери боюнча сынактарга катышуу;

- Жол эрежелери боюнча окуучулар менен практикалык көнүгүүлөрдү өткөрүү;
- Жол копсуздугунун жаш инспекторлору  иш-чараларын уюштуруу.
Педагогикалык жамаат менен иштөө:

- Мугалимдердин жолугушууларында райондо жана облуста балдардын жол-транспорт жаракат алууларынын абалы жөнүндө маалыматы менен чыгып сүйлөө;
- Жол коопсуздугу жана кырсыктардын алдын алуу боюнча иштерди биргелешип пландаштыруу;
- Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо бөлүмүнүн кызматкерлеринин балдарды жана өспүрүмдөрдү Жол кыймылынын эрежелерине үйрөтүү боюнча класс жетекчилеринин жолугушууларындагы билдирүүлөрү;

Ата-энелер менен иштөө:

- Ата-энелер чогулуштарында жол коопсуздугу көйгөйү боюнча сүйлөгөн сөздөр;
- Ата-энелер үчүн жеке кеңештер.

Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде “Абайлагыла, балдар! “ акциясынын негизинде көптөгөн иштер жүргүзүлүп турду.
15.09.21-ж. – Бул күнү окуучуларга жана ата-энелерге акция тууралуу, жолдо жүрүү эрежелери тууралуу айтылды.  Сентябрь айында “Абайлагыла, балдар!” девизинде  иш алынып барылары жарыяланды. “Абайлагыла, балдар!” темасында жолдо жүрүүнүн эрежелери тууралуу 1-11-класстарында  аңгемелешүү жүргүзүлдү жана класстык сааттар өтүлдү.
“Темир жолдо өзүн кандай алып жүрүү керек?” деген темада окуучуларга видео-слайддар  көрсөтүлдү.

Ар жума сайын окуучуларга «Жолдо жүрүүнүнүн эрежелери» боюнча түшүндүрүлүп турат.  Бардык класстарда, ата-энелер чогулушунда  жолдо жүрүүнүн эрежелери айтылып, балдарына түшүндүрүп, сак болуулары эскертилди.Сабактан тышкаркы убакта ата-энелерге балдарынын  коопсуздугуна жооп берүүсү милдеттендирилип, кол тамгалары койдурулду.

Мектепте Жол кыймылынын жаш инспекторлору  6-в классынын окуучуларынан түзүлгөн. Жетекчиси  Бажина Т.В.нын жетекчилиги алдында иш алып барып жатышты.

**Жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспекторунун алдын алуу максатында өткөргөн аңгемелешүүлөрү жөнүндө отчет**

Коопсуздук максаты: жаш өспүрүмдөр арасындагы укук бузуулардын алдын алуу
Алдын алуу иштеринин багыттары:

Укук бузуулардын же укук бузуулардын алдын-алуу себептерин жана шарттарын аныктоо жана жоюу боюнча уюштуруу иштерин жүргүзүү

ЖЖӨИТнүн каттоосунда турган окуучулар жок.
Касымов Ибрагим жана Сагындыков Дуйшонбек 7-г классынын окуучулары 27- октябрда мектептин короосунан коопсуздук кызматкери тамеки чегип жүрүшконүн байкап мектепке алып келген .Аталган окуучулардан тушунук кат жаздырылып жана ата-энелерин чакырып,тамекинин зыяндуулугу боюнча тушундуруу иштери жургузулду.

Шамилбеков Нурсултан 8-а класстын окуучусу математика сабагынан партанын устуно сабак берген мугалимге карата ыплас создорун жазганына байланыштуу суйлошуу иштери жургузулуп окуучу куноосун мойнуна алып эжейинен кечирим сурады.

Шамилбеков Нурсултанга кенешминин мучолорунун чечими менен класс жетекчисине жана соц.педагоко тартибин,окуусундагы жетишуусун козомолдоо тапшырылды.

Ниязалиев Султан 8-а классынын окууучусу сабак учурунда телефон менен ойноп отургандыгы тууралуу мугалимдер тарабынан даттануу түшкон бул окуучуга түшүндурүү иштери жүргүзүлдү.

Ошол эле класстын окуучусу Салмоорбекова Фатимага да ушундай даттануулар болуп, ал кызга да эскертүү берилди.

Бектурсунов Эрназар 6-б классынын окуучусу мектепте тартиби начар болгондугуна байланыштуу ата-энеси чакыртылып, иши каралды.Кенешменин жүрүшүндө окуучуга түшүндурүү иштери жүргүзулуп, ата-энесине сабакта жана сабактан тышкаркы убукта катуу көзөмөлгө алынуусу милдеттендирилсин деп чечилди. Класс жетекчи,соц педагогдун көзөмөлүндө.

ЖЖӨИ нын капитаны Агаева Г.Р. ар ай сайын окуучулар менен аңгемелешүү өткөрүп турат.

**Жарандык-патриоттук тарбия:**

Максаты:
- Мекенди сүйүүнү жана тынчтыкка ыктоону, ички эркиндикти жана мамлекеттик бийликти, мамлекеттик символиканы сыйлоону, ар-намыстуулук сезимин жана тартиптүүлүктү, улуттук сезимдин жана улуттар аралык карым-катнаштар маданиятынын шайкештигин, ошондой эле өзүнүн

саясий, адеп-ахлактык жана укуктук тандоосу үчүн, турмуштук ийгиликке жетишүү максатында өзүнүн жөндөмдөрүн максималдуу түрдө өнүктүрүү үчүн жоопкерчилигин бекемдөөнү камтыган инсандык сапаттарды калыптандыруу

Маселелери:

- улуттук аң-сезимди, мекенчилдикти, мыйзамдуулукту жана укуктук тартипти сыйлоону, ички жан-дүйнө эркиндигин жана жеке нарк сезимин калыптандыруу;
- жарандардын жана өсүп келе жаткан муундун аң-сезимин мекенге болгон сүйүү, жигердүү турмуштук позициясында, өзүнүн билимдерин жана эмгек потенциалын Мекендин жыргалчылыгы үчүн жумшоого умтулуу деминде калыптандыруу;
- укуктук маданиятты, Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, мамлекеттик символикаларды - Кыргыз Республикасынын гербин, туусун, гимнин жана тарыхый идеалдарын сыйлоону тарбиялоо;
- заманбап дүйнөдө өсүп келе жаткан муундун тескери багыт алуусун болтурбоо максатында муундардын байланышы аркылуу руханий, адеп-ахлактык, жарандык жана мекенчилдик каада-салттарды калыбына келтирүү;
- жаштарды моралдын жалпы адамзаттык ченемдерине, улуттук каадаларга, кесиптик адептин кодексине үйрөтүү, өзүнүн ишинин натыйжаларына туура баа берүүнү тарбиялоо;
- жарандардын аң-сезиминде мекенчилдик жана жарандык баалуулуктарды аңдап билүүгө гана эмес, ал баалуулуктарды сактоого, коргоого муктаждыкты жана коргой билүүнү бекемдөө;
- жеке дареметтерди аныктоо жана өнүктүрүү, алардын негизинде адамдын жалпы жана жекече өзгөчөлүктөрүн, калыптандыруу, анын чыгармачыл потенциалын жана өз алдынча өнүгүү жөндөмүн өстүрүү;
- адамды гуманисттик сапаттарга жана турмуштук баалуулуктарга, өзүнүн ордун жана жашоо - турмушунун максаттарын аныктоого, өзүн-өзү аңдап билүүгө жана гуманисттик багыттагы жогорку дөөлөттөргө багыттоо;
- эмгекти сүйүүнү жана максатка умтулууну, турмуштагы ийгиликтерге жетишүүнүн башкы ыкмасы катары окууга, эмгекке, турмушка чыгармачыл мамиле кылууну тарбиялоо;
- муундардын ортосундагы үзгүлтүксүз байланышты камсыз кылуу, ата-энелерге, карыларга урмат көрсөтүүгө, кичүүлөргө жана өзгөчө муктаждыктагы адамдарга кам көрүүгө тарбиялоо;
- таза жашоо ыңгайына, үй-бүлө курууга, тукум улантууга, жаңы муунду материалдык жактан камсыздоого жана гуманизм духунда тарбиялоого үйрөтүү жана үгүттөө;
- жаратылышка, айлана чөйрөгө аяр мамиле кылууну тарбиялоо;
- көркөмдүккө мамилени, жалпы адамзаттык жана улуттук маданияттын дөөлөттөрүн өздөштүрүүгө мамилени тарбиялоо, эстетикалык баалуулуктарды жана табитти руханий маданияттын баалуулуктарын түзүүгө

жана аны байытууга, коомдун маданий турмушуна катышууга умтулууну калыптандыруу.

Ноябрда “Баланын укугу жана милдеттери ”жөнүндө 1-11класстар арасында класстык сааттар болду.

Класс жетекчилер тарабынан ар бир окуучунун күндөлүгүндө үйдөн мектепке чейинки маршруттары белгиленип, 3-тараптуу келишим түзүлгөн.

«Тобокел топтогу» ар бир бала менен иш алып

баруу дагы туура жолго коюлган.

Кыздар жана балдар кеңештери жыл ичинде үзгүлтүксүз,

кыздар жана балдар арасында тарбиялык маанидеги иштерди алып барып турушат.

Мектеп ичинде учётто турган окуучулар менен атайын иш алып барылат. Мектеп дирекциясы тарабынан уюштурулган түнкү рейддер ай сайын эки жолу мугалимдер жана ЖЖӨИ инспекторлору тарабынан өткөрүлүп турду.

Октябрь айында мектепте профилактикалык чогулуш болуп өттү. Мында тартип бузуулардыналдын алуу жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иш алып

барылды. Мектепке бөлүнгөн ЖЖӨИ инспектору АгаеваГ.Р. менен бирдикте кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча доклад окулуп, ата-энелер менен бирдикте талкууга алынган жолугушуулар өтүлүп турду. Рэкетчиликтин алдын алуу боюнча иштер үзгүлтүксүз жүргүзүлүп, окуучулар кечинде көчөгө чыкпашы жана ата-энелер мектеп менен тыгыз байланышып, балдарга көзөмөлдүктү күчөтүүсү каралып жатат. Ар бир класс жетекчи график менен мектеп администрациясынын жетекчилиги астында түнкү рейддерге

чыгышып, балдарга туура жүрүүсү жөнүндө иш чаралар өткөрүлүп турду.

Түнкү рейддерге көбүнчө тентек, ар кандай адепсиз ишке жөндөмдүү, сабакты көп калтырган окуучулардын үйлөрүнө

баруу жагы каралган. Рейд жүргүзүлгөн учурда атайын уюштурулган ата-эне менен байланыш дептерлерине жазылып, окуучулар менен иш алып барылат.

Ошондой эле мектеп окуучуларынын арасында налог салуу зомбулугун болтурбоо жана анын алдын алуу боюнча ар бир класс жетекчи иш пландарын түзүшүп, өзүлөрүнүн окуучуларынын

арасында «Зомбулуксуз мектеп»-деген темада атайын тарбиялык ачык сааттарды өткөрүштү.

Кыздар менен иш алып баруу дагы жакшы жолго коюлган. Жыл башында кыздар арасында атайын тарбиялык Кыздар кеңеши түзүлүп, иш пландары бекитилип, жетекчилигине тарых мугалими Бекчороева Г.Д. дайындалды.

Мектепте жаш милиционерлер тобу түзүлгөн. Аларга 8-в классынын окуучулары бекитилген. Класс жетекчиси Бажина Т.В.

Ата-энелер менен байланышты күчөтүү, аларды тарбия ишине тартуу, балдарга болгон жоопкерчиликти арттыруу
мектеп мугалимдери үчүн абдан жакшы жардам болуп саналат. Кылмыштуулукка каршы тарбиясы оор балдар менен иш алып баруу дагы ата-энелер тарабынан эң жакшы жолго коюлган. Ата-энелер менен байланышты күчөтүүнүн өзү эле балдарга болгон жоопкерчиликти арттыруу болуп эсептелет, жыл ичинде аталар жана энелер кеңештери окуучу кыздардардын жана балдардын арасында үзгүлтүксүз түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турушат.

Алар тарабынан уюштурулган тегерек столдор, кызыктуу кечелер, викториналар көптөгөн жетишкендиктерди алып келет. Балдар арасында кезигүүчү укук бузуулардын алдын алуу максатында ата-энелер комитети мектеп менен дайыма тыгыз байланышта иш алып барышат.

15- сентябрь Билим күнү 1-4-класстарында “Ата Журтум- асыл Мекеним”, 5-9-класстарында “Түбөлүкккө желбирей бер, эгемендик желеги”, 9-11-класстарында “Мекенибиз Кыргызстан эгемендүүлүк жолунда” аталышындагы класстык сааттар өтүлүп, 1- класстар үчүн мектеп ичинде экскурсия жүргүзүлдү.

**Психоактивдүү заттарды, баңги заттарды кыянаттык менен пайдалануунун алдын алуу**

Максаты:
Окуучулардын психикалык активдүү заттарды колдонууга катышуу деңгээлин минималдаштырууга багытталган профилактикалык иш-чаралардын инфраструктурасын жана мазмунун үзгүлтүксүз иштеп чыгуу
Маселелери:
- ар тараптуу тутумдук таасир тийгизүүнү камсыз кылуу үчүн профилактикалык процесстин бардык катышуучуларынын күч-аракеттерин бириктирүү менен билим берүү чөйрөсүндө бирдиктүү алдын алуу мейкиндигин түзүү;
- мектепте психоактивдүү заттарды колдонууга окуучулардын катышуусун шарттай турган жагдайлардын жана факторлордун таасирин жоюу;
- социалдык жана экологиялык - социалдык, психологиялык колдоо кызматынын инфраструктурасын түзүү жана позитивдүү кызыкчылыктарды, эс алууну жана ден-соолукту өнүктүрүү;

**Тамеки чегүүнүн, алкоголизмдин жана баңгиликтин алдын алуу боюнча жумалык**

Максаты:
Тамеки чегүүгө, алкоголизм жана баңгиликке каршы пропагандалоо ишин жүргүзүү, аларды керектөөнүн зыяндыгы жана айланадагы тамеки түтүнүнүн

зыяндуу таасири жөнүндө окуучулардын билимин жана маалымдалышын жогорулатуу;

Маселелери:

- алкоголизм , баңгилик жана тамеки чегүүнүн алдын алуу,;
- окуучулардын сергек жашоо образы жана алардын ден-соолугуна жоопкерчиликтүү мамиле кылуу көндүмдөрүн калыптандыруу;
- психикалык активдүү заттарды кыянаттык менен пайдаланууга, алкоголизмге, баңгиликке жакын "тобокел тобундагы" балдарды аныктоо;
- диагностика (окуучуларды анкеталоо, топтук, жеке иш) балдарды аныктоо максатында,аддитивдүү жүрүм-турумга жакын;
- мектеп окуучуларынын арасында сергек жашоо образын калыптандыруу жана тамеки тартууга, алкоголго болгон терс мамилелер, дары-дармектер;
- окуучуларга психикалык активдүү заттардын адам организмине таасири жөнүндө объективдүү маалымат берүү;
- окуучулардын жашоону туура тандоого багытталышы, сергек жашоо образы

Алдын алуу иштеринин багыттары:

- Окуучулардын ден-соолугунун абалын анализдөө
- Окуучулардын психикалык абалын көзөмөлдөө:
    - натыйжалуулук;
    - окуучулардын жаңы окуу шарттарына адаптацияланышы;
    - акыл-эс өнүгүүсүнүн динамикасы;
    - кесиптик кызыкчылыктарды аныктоо жана ыктоо;
    - -окуучулардын даярдыгын баалоо

- Ден-соолукту сактоого багытталган сабактарды уюштуруу:
    - сабакты сарамжалдуу уюштуруу;
    - физикалык мүнөттөр;
    - динамикалык пауза;
    - сейилдөө;
    - санитардык-гигиеналык ченемдердин сакталышы
- Дубал гезиттер сынагын уюштуруу
- Класстык сааттарды өткөрүү

Декабрьайында “Сергек жашоого тарбиялоо” боюнча атйын иш планы түзүлүп бекитилген. Мында класс жетекчилер төмөндө берилген темадагы класстык сааттарды өткөрүшөт. Алар: “Өздүк гигиенаны сактоо”, “ВИЧ ифекциясынын алдын алуу”, “СПИД-эң коркунучтуу дарт”, “Спорт ден соолуктун булагы”, “Алкоголдун зыяндуулугу”, “Тазалык-ден соолуктун булагы”, “Тамекиөмүргө зыян“. Бул сабактар атайын көрсөтмө куралдар м енен жабдылып, аңгемелешүү, диспут, мээге чабуул, дилбаян,эсс

е, ж.б. түрдүү методикалар менен өтүлөт. Кээ бир сабактар видео фильмдерди көрсөтүү менен жыйынтыкталат.

Окуучулар сергек жашоонун маанисинин терендигин, турмушка өтө зарылдыгын, келечек үчүн максат кылууну алдыларына коюшат.. Чындыгында эле эгерде бала спорт менен машыгып турса, анын дени дагы сак, эч жери оорубаса, көңүлү дагы ачык болуп, жашоого койгон максаты да ойдогудай болот, келечекке койгон тилеги дагы орундалат. Ал эми бала спорт менен кызыкпаса, бир жери ооруп турса, ал баланын жашоого дагы кызыгы болбойт да.

**Укук бузуулардын, суициддик жүрүм-турумдун, кыянаттыктын алдын алуу:**

Максаты:
Оор кырдаалда турган жашы жете электерди реабилитациялоодо иштин натыйжалуулугун жогорулатуу, укук бузуулардын алдын алуу үчүн социалдык- педагогикалык жардам берип, психологиялык шарттарды түзүү

Маселелери:
- билим берүү мекемесинде өспүрүмдөр менен иштөөдө тарбиялык-профилактикалык иштин деңгээлин жогорулатуу;
- оор кырдаалда турган жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо;
- үй-бүлөлүк көйгөйлөрдү эрте аныктоо жана адистештирилген даректүү жардам көрсөтүү;
- окуучуларга педагогика-психологиялык жана медициналык жактан колдоо шарттарын түзүү ;
- Окуучулар, педагогикалык жамаат, ата-энелер арасындагы консультациялык-профилактикалык иштерди жандандыруу

Алдын алуу иштеринин багыттары:
- Уюштуруу иш аракеттери
- Окуучулар менен иш алып баруу
- Үй-булө менен иш алып баруу
- Укуктук билим берүү

- “Үй бүлөлүк зордук-зомбулукту болтурбоонун алдын алуунун” алдын алуу максатында 1-11 класстарында классытык сааттар өткөрүлдү.

Окуучуларга класстык сааттарда аялдар жана балдар арасындагы зомбулукту болтурбоо тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргузүү класс жетекчилерге милдеттендирилди.

Жашоонун оор шарттарында жана ата-энеси сыртта жүрүп, туугандарында жашап, тарбияланып жаткан окуучулардын тизмеси такталып, базага киргизилди.

Окуучуларга карата катаал мамиле, зомбулук боло турган болсо кайда кайрылаары тууралуу маалымат берилди.

Мектеп ичинде күн сайын окуучулардын сабакка келүүсү боюнча мониторинг жүргүзүлүп, сабакка келбеген балдардын себептери такталып, мектеп жетекчилиги жана класс жетекчилер тарабынан ыкчам чаралар көргөзүлүп жатат.

**Индекс боюнча маалымат 04-11**

Азыркы учурга байланыштуу окуучулар онлайн режиминде үйдө окуп жатышкандыктан, ИДН кызматкери, ТИ боюнча директорунун орун басары жана соц.педагог менен биргеликте онлайн-сабакка начар катышкан окуучулардын үйлөрүнө рейд иши жургузулду. Ата-энелери менен сүйлөшүү иштери жүргүзүлдү.

**Окуу жылы ичинде мектептин элдештирүү кызматынын иши:**

Биздин мектепте элдештирүү кызматы иштеп жатат. Бул иш-чаралар төмөнкү принциптерге негизделген: ыктыярдуулук, маалымдуулук, бейтараптык, купуялуулук, жоопкерчилик, көзкарандысыздык .

Мектеп кызматы эки багытта иштейт:

- балдар ортосундагы чыр-чатактар ("окуучу-окуучу");
- "окуучу - мугалим" чыр-чатактары

Мектептин элдештирүү кызматы төмөнкү маселелерди карайт:

- Мектептеги конфликттердин катышуучулары үчүн элдештирүүчү программаларды аткаруу
- Жашы жете электер арасындагы укук бузуулардын жана кылмыштуулуктун алдын алуу;
- Окуучуларга, ата-энелерге жана мугалимдерге калыбына келтирүүчү медиациянын принциптери жана баалуулуктары жөнүндө маалымат берүү.

Мектептин элдештирүү кызматына медиаторлор, мугалимдер жана 8-11-класстын окуучулары кирет.

1) директордун орун басары – Орозбаева Ж.К.
2) социалдык педагог- Калыбек к. Н.
3) мугалимдер – Султанова К.А., Сарыбаева Б.К.

**Ата-энелер менен иштөө:**

Мектепте окуучулардын билим сапатынын өсүшүнө ата-энелердин мектеп менен тыгыз байланышта болуусу түздөн түз таасирин тийгизет.

Сентябрь айынан баштап декабрь айына чейин мектеп менен ата-энелердин байланышы тыгыз болуп, көп иш чаралар аткарылды.

Сентябрь айында жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, мектептин жетишкендиктери жана мектеп кайсы жагынан начар болуп жаткандыгы айтылды.

Окуучулардын формасы, тазалыгы,тартиби жөнүндө сөз болду. Мектепте кыздар жана балдар үчүн бирдей форма кабыл алынып,окуучуларды форма,

окуу куралдары менен камсыздоо ата-энелерге милдеттендирилди. Ата-эне, мугалим,окуучу тарабынан үч тараптуу келишимдер түзүлдү.
Мектеп боюнча ата-энелер комитети түзүлүп, мүчөлөрү жана төрагасы шайланды.

Октябрь айында Кылмыштуулукту алдын алуу максатында тартиби оор, үй-бүлөдө ата-энеси башка жакка иштеп кеткен, томолой жетим балдардын үйлөрүнө рейддерди жүргүзүп, көзөмөл кылып туруу үчүн атайын комитет түзүлдү. Мектеп менен тыгыз байланышта болуу үчүн ата-энелерди катыштырган иш чаралар өтүп турары белгиленди.
Сабакка келбей, сабактан качкан окуучулардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.
Класстарда ар бир ай сайын ата-энелер жыйналыштары өтүлүп, окуучулардын сабакта жетишкендиктери, кемчиликтери, тартиби жөнүндө талкуулашты.

Ноябрь ар бир класста ата-энелер жыйналышы өтүлүп, балдарынын чейректери боюнча билим сапаты, жыйынтыгы айтылды.
Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында ар бир класстын ата-энелер комитети чогулуп, окуучулар арасында налог салуу, зордук зомбулукту алдын алуу, болтурбоо чаралары боюнча иш чара өтүлдү.

Жарым жылдык жыйынтык чыгарылып,ата-энелер комитетинин билдирүүсү болду.

Окуучулардын чейректери боюнча билимдери айтылып, жетишпеген, сабакты көп калтырган окуучулардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр болду.

Айыл өкмөтүнүн , мугалимдер коллективинин, ИДН кызматкерлеринин,ата-энелердин катышуусу менен мектеп окуучуларынын тартиби, балдарды тарбиялоодо ата-эненин,мугалимдердин, коомчулуктун, айлана-чөйрөнүн таасири жөнүндө ой толгоо жыйналышы өткөрүлдү.

**Терроризм жана экстремизм идеологиясына каршы туруу:**
Окуу жылына карата диний экстремизмге каршы иш-чаралардын планы түзүлүп, таааныштырылды.
Диний экстремизмге каршы туруу боюнча мектеп кызматкерлерине, окуучуларга инструктаж өткөрүлдү.
Диний экстремизмге каршы туруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү таркатылды.
Коопсуздук кызматы тарабынан мектептини аймагында жана имаратында уруксаты жок адамдардын болушу дайыма көзөмөлдө болуп турду.
"Терроризм коомго коркунуч келтирет", "Экстремизм жана терроризм анын маңызы", "Биз экстремизмге каршыбыз", “Толеранттуулук адам укуктарынын кепилдиги” темаларында класстык сааттар өтүлдү.

Директор: Тыныстанова С.А

Социалдык педагог: Калыбек к. Н.